Чоң-Алай райондук
мамлекеттик
администрациясынын
2024-жылдын ______________
№_______буйругунун тиркемеси

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы**
**(2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн)**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөттөрү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| **1-глава. Коррупцияга каршы мыйзамды өркүндөтүү, аны практикада колдонуунун натыйжалуулугүн камсыздоо** | | | | | | |
| 1 | Жаңы кабыл алынган коррупцияга каршы мыйзам актыларын колдонууга байланыштуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын потенциалын жогорулатуу | Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО кызматчылары үчүн коррупцияга каршы мыйзамдарды колдонуу боюнча окуу тренингдерин уюштуруу | 2026-жыл | Окуу системасынын программасынын негизинде мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО кызматчылары үчүн коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында жаңыдан кабыл алынган мыйзам актыларын колдонуу боюнча окуу тренингдери өткөрүлдү | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Республикалык бюджет мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **2-глава. Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу** | | | | | | |
| 1 | Мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын кызматкерлеринин коррупциялык | Жогорку квалификациялуу адистерди тартуу жана кадрдык потенциалды сактоо үчүн шарттарды жакшыртуу, мамлекеттик органдарда жана ЖӨБО иштин кадыр-баркын жана жагымдуулугун жогорулатуу жана мамлекеттик башкаруу секторунда | 2025-2027-жылдар | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрларды тандоо жана системаны жакшыртуу боюнча чаралар көрүлдү | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдарга жана ЖӨБО бөлүнгөн каражаттардын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | мотивациясын төмөндөтүү | коррупциялык тобокелдиктердин болушун төмөндөтүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу | | | | мамлекеттик бюджет |
| **2** | Мамлекеттик башкаруу системасында коррупцияга каршы идеологияны, моралдык-этикалык, адеп-ахлактык жана баалуулук багыттарды калыптандыруу | 1. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО кызматчыларынын этика ченемдерин сактоосун камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексинин талаптарын кызматчылардын так аткаруусу боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин күчөтүү.<br>Кызмат өтөөдө кемчиликтерди жоюу жана этика принциптерин жана ченемдерин сактоо боюнча сунуштамаларды жана чараларды иштеп чыгуу менен мамлекеттик башкаруу жана ЖӨБО түзүлгөн кызматчылардын этика боюнча комиссиясынын ишинин натыйжалуулугуна жыл сайын мониторинг жана талдоо жүргүзүү<br>2. Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына маалыматтарды жайгаштыруу аркылуу мамлекеттик органдардагы жана ЖӨБО этика комиссияларынын иши жөнүндө коомчулукка үзгүлтүксүз маалымдоо<br>3. Кызматчылар тарабынан этиканын принциптерин жана ченемдерин сактоо, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө жана мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат системасында Коррупцияны алдын алуу боюнча, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар кызматтык | 2025-2027-жылдар | 1. Жыл сайын кызматчылардын этикасы боюнча комиссиянын ишинин натыйжалуулугуна мониторинг жана талдоо жүргүзүлөт, анын иши жөнүндө отчеттуулуктун формасы иштелип чыккан жана бекитилген.<br>2.Мониторингдин жыйынтыктары мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жайгаштырылат.<br>3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандыруу, кызмат өтөөдө этиканын принциптерин жана ченемдерин сактоо жөнүндө, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу маалыматтык-пропагандалык ишти жүргүзүү боюнча атайын программалар иштелип чыкты жана ишке ашырылып жатат | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Гранттык программалар<br><br>Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | милдеттерин аткарууда чынчылдык, калыстык, ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, кесипкөйлүк жана жогорку этикалык ченемдердин принциптерин популярдаштыруу жөнүндө маалыматтык-пропагандалык ишти туруктуу негизде жүргүзүү | | | | |
| **3** | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын кесиптик компетенциясын жогорулатуу, коррупцияга каршы жүрүм-турумдун туруктуу принциптерин калыптандыруу | Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкарууга, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда коррупциялык тобокелдиктерди аныктоого, коррупцияга каршы пландарды түзүүгө, этикалык ченемдерди сактоого, жүрүм-турумдун коррупцияга каршы моделин түзүүгө жана коррупциялык мотивацияны төмөндөтүүгө багытталган мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды коррупцияга каршы окутуу (квалификациясын жогорулатуу) системасын өнүктүрүү | 2025-2027-жылдар | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Коррупцияны алдын алуу жана жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоо жаатында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун типтүү программасы бекитилген.<br>Кызматчылардын 30%дан кем эмесин камтуу менен окутуу тренингдери туруктуу негизде өткөрүлөт | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **4** | Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | 1. Бийлик органдарынын жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү, жол-жоболордун жана чечимдерди кабыл алуу процесстеринин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу, коомдун маалымдуулугун жогорулатуу | 2025-жыл | Жол-жоболордун айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылууга, санариптештирүү фонунда талап кылынган документтердин тизмесин кыскартууга багытталган ченемдик укуктук актылар кабыл алынды | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет |
| | | 2. "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу алууга мүмкүн болгон кызматтарды көрсөтүүдө жеке жана юридикалык жактардан талап кылынган документтердин (маалымкаттардын, маалыматтардын ж.б.) тизмесин кыскартуу боюнча чараларды көрүү | 2025-2026-жылдар | | | |
| | | 3. Мамлекеттик органдарда жана ЖӨБО уруксат берүүчү документтерди берүү, мамлекеттик каттоо, маалымат берүү | 2025-2027-жылдар | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | менен байланышкан административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү | | | | |
| **5** | "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына мамлекеттикжана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингге берүү бөлүгүндө өркүндөтүү | 1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекет тарабынан аккредиттелген жеке юридикалык жактарга берүү (аутсорсингге) мүмкүнчүлүгүн караган "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу жана ЖКга киргизүү | 2025-жылдын I жарым жылдыгы | "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттарды н чегинде республикалы к бюджет |
| | | 2. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБОнун аутсорсингди уюштуруу үчүн кызмат көрсөтүү боюнча функцияларына талдоо жүргүзүүнү уюштуруу боюнча, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүн аутсорсингге берүүнүн вариантын аныктоо жана баалоо үчүн рыноктун даярдыгын талдоо тартибин аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү караган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүгө юридикалык/жеке жактарды мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу | 2025-жылдын III кварталы | Типтүү жобону бекитүү жөнүндө ченемдик укуктук акт кабыл алынды | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | |
| **3-глава. Мамлекеттик каражаттарды башкаруу, финансылык контролдоо системаларын жана сатып алуу жол-жоболорун өркүндөтүү** | | | | | | |
| **1** | Жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык | Коррупцияга жол бербөө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү менен коррупциялык укук бузууларга байланыштуу мамлекеттик органдарга жана ЖӨБО келип түшкөн | 2025-2027-жылдар | Ички укуктук актылар аркылуу Коррупцияны алдын алуу чараларын көрүү менен кайрылууларга талдоо жүргүзүүнүн тартиби жөнгө | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | көрүнүштөрдүн алдын алуу | кайрылууларды (даттанууларды) кароо жана талдоо жүргүзүү | | салынды, ал жыл сайын жүргүзүлөт | | |
| **2** | Жаратылышты пайдалануу жана жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ачык-айкындуулукту камсыз кылуу | Кен казып алуу тармактарынын жана жаратылышты пайдалануучулардын айкындуулук демилгесинин сунуштамаларын эл аралык стандартка ылайык аткарууну камсыздоо | 2025-2027-жылдар | Жаратылышты пайдалануу жана жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө мамлекеттик жана юридикалык жактардын ишинин ачык-айкындуулугу жогорулады | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет |
| | Бюджеттик процесстердин ачык-айкындуулугун жогорулатуу, контролдоо системасын өркүндөтүү жана финансылык тартипти бекемдөө | 1. Төмөнкүлөргө багытталган бюджеттик укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды колдонууга талдоо жүргүзүү:<br>- кирешелерди, бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды түзүүнүн, мамлекеттик долбоорлорду ишке ашыруунун, салык жеңилдиктерин берүүнүн, мамлекеттик (муниципалдык) менчик объекттерин менчиктештирүү процесстерин ишке ашыруунун мыйзамдуулугун жана толуктугун камсыз кылуу;<br>- бюджеттик документтерди жарыялоо аркылуу бюджеттин ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү, бюджеттик каражаттардын чыгымдалышын контролдоо жана көзөмөлдөө механизмдерин бекемдөө, бюджеттик процесстерге жарандык коомду тартуу, жаңы санариптик технологияларды пайдаланууда жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу | 2025-жылдын II жарым жылдыгы | Аналитикалык кат түзүлдү | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет |
| **4. Санариптештирүү процесстерин өнүктүрүү жана азыркы этапта коррупцияга каршы күрөшүүнүн натыйжалуу чараларынын бири катары мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөрдүн ишине маалыматтык технологияларды киргизүү** | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Ишкердик субъекттеринин укуктарын коргоонун укуктук инструменттерин ишке киргизүү | 1. Прокуратура органдарында аларды каттагандан кийин гана ишкерлер менен кайтарым байланышты, ыйгарым укуктуу органдардын сайттарында ишкердик субъекттеринин укуктарын баяндоо менен текшерүү процессин регламенттештирген документтерге ачык жеткиликтүүлүктү кароо менен, укук коргоо, салык жана башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү ишкердик субъекттерин текшерүүнүн укуктук механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2025-2026-жылдар | Ишкердик субъекттеринин ишине текшерүү жүргүзүүнүн тартибин аныктоочу ченемдик укуктук акт кабыл алынды | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| | | 2. Кыргыз Республикасында электрондук башкарууну ишке киргизүү боюнча чараларды көрүү | 2025-2026-жылдар | Мамлекеттик башкаруу системасында санариптик технологияларды ишке киргизүү процесстерин аяктоо боюнча чаралар көрүлдү | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | |
| **2** | Мамлекеттик башкаруу системасын санариптештирүү | 1. Маалыматты иштеп чыгуунун, берүүнүн жана жайылтуунун, электрондук форматта кызматтарды көрсөтүүнүн санариптик технологияларынын негизинде мамлекеттик башкаруу системасынын иштөөсү | 2025-2026-жылдар 2025-жылдын I жарым жылдыгы 2025-жылдын II кварталы | Мамлекеттик башкаруу системасында санариптик технологияларды ишке киргизүү процесстерин аяктоо боюнча чаралар көрүлдү Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдында ТКА маалыматтар базасынын болушу жана толук иштөөсү. Идентификацияланган адамдардын барууларын эсептегич менен актуалдуу жана жаңыртылуучу ТКА маалыматтар базасынын болушу Аналитикалык жазуу түзүлдү | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| | | "Түндүк" ВЭӨС менен интеграциялоо жана "Түндүк" ВЭӨС катышуучуларынын ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү чечимдеринин каталогуна сервисти жайгаштыруу менен улуттук ТКА маалыматтар базасынын бирдиктүү форматын түзүү | | | | |
| | | 2. Учурдагы бюджеттик процесстерге талдоо жүргүзүү жана баалоо, бюджеттик процесстер үчүн санариптик инструменттерди жана платформаларды изилдөө жана бюджеттик процесстерди | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | автоматташтыруу үчүн сунуштарды киргизүү | | | | |
| | | 3.Төмөнкүлөрдү камтыган жүк ташууларды контролдоо боюнча автоматташтырылган маалыматтык системаны (АМС) иштеп чыгуу:<br>- салмак-габариттик контролдоонун автоматташтырылган системасын ишке киргизүү;<br>- жүктүн абалын жана жайгашкан жерин белгилөө үчүн электрондук документ жүгүртүү системасы, транспорттук-логистикалык кубаттуулуктарды резервдөө;<br>- электрондук товар коштоочу документтерди онлайн берүү | 2025-жыл | Жүк ташууларды контролдоо боюнча АМС иштөөдө | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | |
| **3** | Жүк ташууларды контролдоо боюнча системаны ишке киргизүү | Ченөө бирдейлигин камсыздоо жаатында маалыматтык фондду иштеп чыгуу | 2025-2027-жылдар<br>2025-2026-жылдар | Мамлекеттик органдар менен өндүрүш секторлорунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн ачык-айкын автоматташтырылган механизми<br>Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар калкка электрондук-санариптик форматта көрсөтүлүүдө, коррупциялык тобокелдиктер минималдаштырылды | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **4** | Стандартташтыруу жана метрология жаатындагы акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү | 1. Лицензияларды жана уруксаттарды берүүнү кошкондо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнү Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу электрондук-санариптик форматка өткөрүүнү жана "Түндүк" ЭВӨС аркылуу мамлекеттик (муниципалдык) органдардын санариптик өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо, административдик жол-жобону жүргүзүү процессинде санариптик технологияларды | 2025-2027-жылдар<br>2025-2026-жылдар<br>2025-2026-жылдар | Мамлекеттик органдар менен өндүрүш секторлорунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн ачык-айкын автоматташтырылган механизми<br>Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар калкка электрондук-санариптик форматта көрсөтүлүүдө, коррупциялык тобокелдиктер минималдаштырылды | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Республикалык бюджет, эл аралык донорлор, гранттык каражаттар |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | колдонуу, экономиканын бардык тармактарында АМСти ишке киргизүү, башка АМСтер менен интеграциялоо | | Жерди пайдалануунун натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун олуттуу жогорулатууну камсыздоочу жерге жайгаштыруунун санариптик технологиялары ишке киргизилди | | |
| | | 2. ЖӨБОдо жерди пайдалануу боюнча иштин санариптик эсебин, ошондой эле айыл чарба багытындагы жерлердин санариптик реестрин түзүү | | | | |
| **5** | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, административдик жол-жоболорду санариптештирүү | Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ишин санариптик форматка өткөрүү. "Мамлекеттик шаар куруу кадастры" АМСти иштеп чыгуу | 2025-жыл | Курулуш чөйрөсүндө уруксат берүүчү документтерди даярдоо жана берүү боюнча милдеттүү иш-чаралар санариптик форматка өткөрүлдү. "Мамлекеттик шаар куруу кадастры" АМС иштөөдө | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| | | Интернет-ресурстар аркылуу мамлекеттик (муниципалдык) кызматтарды (маалымкаттар ж.б.) алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө жарандардын маалымдуулугун кеңейтүү боюнча уюштуруучулук жана практикалык чараларды көрүү | 2025-2027-жылдар | Жарандарды интернет-ресурстар аркылуу мамлекеттик кызматтарды алуу мүмкүндүгү жөнүндө маалымат менен камсыздоо боюнча чаралар көрүлдү | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | |
| **6** | "Кылмыштардын бирдиктүү реестри" (КБР) АМСти модернизациялоо | Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО расмий сайттарында алардын иши жөнүндө, Коррупцияны алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалыматтарды мезгил-мезгили менен жарыялоо, жарандардын маалыматка эркин жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берүүчү программалык-маалыматтык камсыздоонун санариптик технологияларын киргизүү, ошондой эле мобилдик тиркемелерди өнүктүрүү. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО басма сөз кызматтары аркылуу иш жөнүндө актуалдуу материалдарды Чагылдыруу | 2025-2027-жылдар | Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО расмий сайттарында алардын иши жөнүндө, "Коррупцияга каршы аракеттенүү" атайын бөлүгүн маалыматтык толтурууну актуалдаштыруу аркылуу Коррупцияны алдын алуу жаатындагы иштер жөнүндө маалыматтарды жарыялоо боюнча чаралар көрүлдү. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО иши жана кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө заманбап программалык-маалыматтык камсыздоо жана мобилдик тиркемелер ишке киргизилип, маалыматка жетүүмүмкүндүгү камсыз | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча Өнөктөштөрдүн каражаттары |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | кылынды | | |
| **5-глава Коррупцияны изилдөө** | | | | | | |
| **1** | Коррупцияга каршы маданиятты өнүктүрүү, коомдо коррупцияга сабырсыздык мамилени чагылдырган баалуулуктар системасын сактоо жана бекемдөө | 1. Коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын ишке ашыруу процессин жооптуу мамлекеттик, муниципалдык органдардын, илимий, маданий жана билим берүү мекемелеринин жана уюмдарынын, жарандык коомдун институттарынын, бизнес-коомдоштуктун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу менен камсыз кылуу<br>2. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО ишинде коррупциялык көрүнүштөрдү жана тобокелдиктерди аныктоо максатында изилдөөлөрдү туруктуу негизде жүргүзүү, аларды эсепке алуу, регламенттөөчү документтерди изилдөө, сурамжылоо, мониторинг жана талдоо жүргүзүү, коррупциянын деңгээлин чагылдыруу жана отчетту жарыялоо | 2025-2027-жылдар | Жарандардын укуктук аң-сезиминин жана укуктук маданиятынын деңгээлин жогорулатууга, коррупцияга каршы жүрүм-турумду калыптандырууга, укуктук нигилизмди жеңүүгө, коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө сабырсыздык атмосферасын түзүүгө багытталган Коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп жатат | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **6-глава. Коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы эл аралык кызматташтык** | | | | | | |
| **1** | Коррупциянын деңгээлин өлчөөнүн улуттук системасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | 1. Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы конвенциясынын жоболорун карап чыгуу механизмине Кыргыз Республикасынын толук кандуу катышуусун камсыз кылуу, баңги заттар | 2026-2027-жылдар | Жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөр социалдык, экономикалык жана укуктук чөйрөдө мамлекеттин коррупцияга каршы саясатын ишке ашырууну камсыз | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жана кылмыштуулук боюнча БУУ Башкармалыгынын Катчылыгынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын учурдагы муктаждыктарын жана мамлекеттик кызыкчылыктарын эске алуу менен аларды андан ары улуттук мыйзамдарга имплементациялоо үчүн чет мамлекеттердин (байкоочу мамлекеттердин) өкмөттүк эксперттеринен алынган сунуштамаларгаталдоо жүргүзүү | | кылуучу кепилдиктерди күчөтүүгө, мамлекеттик кызмат системасын коррупциялык процесстердин деструктивдик таасиринен коргоого, жарандардын мамлекеттик бийлик системасына болгон ишенимин бекемдөөгө, коррупциянын алдын алуунун туруктуу укуктук негиздерин түзүүгө жана улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүгөбагытталган | | республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| | | 2. Кыргыз Республикасынын Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмунун (ЭКӨУ тармагы) Чыгыш Европа жана Борбор Азия өлкөлөрү үчүн коррупцияга каршы күрөшүү боюнча Коррупцияга каршы күрөшүү тармагы тарабынан ишке ашырылып жаткан Стамбул коррупция менен күрөшүү боюнча иш-аракеттер планынын программасына катышуусу | Туруктуу | Кыргыз Республикасы абройлуу эл аралык уюмдарда активдүү катышууда, коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы өнөктөштүк мамилелерди кеңейтип жана тереңдетип, өлкөнүн коррупция менен күрөшүүнүн натыйжалуулук индикаторлоруна ылайык келүүсүнө карата сунуштамалардын аткарылышын, ошондой эле бул багытта жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдырылышын камсыз кылат | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **7-глава. Стратегияны ишке ашыруу механизмдери, финансы ресурстары** | | | | | | |
| **1** | Коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындаэл аралык кызматташтыктын жана өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун | 1. Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин өлкөлөрүнүн Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттер аралык кеңешинин алкагындагы коррупцияга каршы ишти улантуу | Туруктуу 2025-2027-жылдар | Кыргыз Республикасы абройлуу эл аралык уюмдарда активдүү катышууда, коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн Каралган каражаттардын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорулатуу жана өнүктүрүү | 2. Кыргыз Республикасынын Европа Кеңешинин Коррупцияга каршы күрөшкөн өлкөлөрдүн тобуна (ГРЕКО) кирүү мүмкүндүгү жөнүндө маселени изилдөө жана Европа Кеңешинин Коррупция үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги жөнүндө конвенциясын ратификациялоо боюнча иштерди улантуу<br>3. Эл аралык коррупцияга каршы ченемдерди, стандарттарды жана сунуштамаларды аткаруу боюнча чараларды көрүү<br>Эл аралык коррупцияга каршы ченемдерди, стандарттарды жана сунуштамаларды аткаруу боюнча чараларды көрүү<br>Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегиялык ыкмаларды жана багыттарды камтыган, ушул Иш-чаралар планынын биринчи этабын ишке ашыруу механизмдерин камсыз кылуу | 2025-2027-Жылдар | өнөктөштүк мамилелерди кеңейтип жана тереңдетип, өлкөнүн коррупция менен күрөшүүнүн натыйжалуулук индикаторлоруна ылайык келүүсүнө карата сунуштамалардын аткарылышын, ошондой эле бул багытта жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдырылышын камсыз кылат<br>Кыргыз Республикасы коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында эл аралык рейтингдерде өзүнүн позициясын жакшыртат<br>Кыргыз Республикасы коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында эл аралык рейтингдерде өзүнүнпозициясын жакшыртат | | республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **2** | Коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы эл аралык рейтингдерде Кыргыз Республикасынын позициясын жакшыртуу | Стратегияны ишке ашыруу боюнча коррупцияга каршы иш-чараларды каржылоо | 2025-жылдын I кварталы | Мамлекеттик бийлик органдары жана ЖӨБО тарабынан жыл сайын Стратегиялык документтин иш-чаралар планын ишке ашырууну камсыз кылуучу иштин багыттары боюнча деталдаштырылган коррупцияга каршы пландууиш-чаралар бекитилген | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **3** | Стратегияны ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу | Стратегияны ишке ашыруу боюнча коррупцияга каршы иш-чараларды каржылоо | 2025-2027-жылдар | Стратегиядан келип чыккан коррупцияга каршы иш-чаралар мамлекеттин бюджетинен жана | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Республикалык жана жергиликтүү |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | башка мүмкүн болгон булактардан каржылоо мененкамсыз болгон, бул аларды натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет | | бюджеттер. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **8-глава. Стратегияны ишке ашыруу процесстерине мониторинг жана баалоо жүргүзүү** | | | | | | |
| **1** | Мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу процесстерин координациялоо жана контролдоо | Коррупцияга каршы пландуу иш-чаралардын I этабын ишке ашыруунун жыйынтыктарын чыгаруу жана 2028-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планынын II этабынын долбоорун иштеп чыгуу | 2027-жылдын I жарым жылы | Талдоонун негизинде 2028-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планы даярдалды жана бекитилди (II этап) | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет |
| **2** | Коррупцияга каршы иш-чараларды өз убагында жана толук финансылык камсыздоо | Натыйжалуулук жана таасирдүүлүк индикаторлоруна негизделген коррупцияга каршы мамлекеттик стратегияны ишке ашырууга мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасынын укуктук механизмдерин, ошондой эле аны автоматташтыруу мүмкүнчүлүгүн кароо менен мониторинг жөнүндө отчеттун бирдиктүү формасын иштеп чыгуу | 2027-жылдын I жарым жылы | Талдоонун негизинде 2028-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планы даярдалды жана бекитилди (II этап) | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Консолидацияланган бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |
| **3** | Пландуу иш-чараларды актуалдаштыруу, жаңы милдеттерди коюу жана коррупциянын азыркы чакырыктарына жана коркунучтарына ылайык келген коррупцияга каршы чараларды иштеп чыгуу | Сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү эске алуу менен коррупцияга каршы иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчетту даярдоо үчүн ички мониторинг жүргүзүү | 2025-жылдын I жарым жылдыгы | Мониторинг жүргүзүүнүн тартиби (методикасы) жана коррупцияга каршы мамлекеттик стратегияны ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жөнүндө отчеттун бирдиктүү формасы иштелип чыкты жана бекитилди. Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоо боюнча статистикалык | ЖӨБО, мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар үчүн каралган каражаттардын чегинде республикалык бюджет. Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттары |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | маалыматтарга киргизүү үчүн негизги көрсөткүчтөр аныкталды. Мониторинг жүргүзүү процесстерин автоматташтыруу инструменттери иштелип чыкты | | |

**Аппарат жетекчи** **З.Р.Шакиров**

**Колдонулган кыскартуулар:**

**ЖӨБО - Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары**